| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br><br>ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ<br>АТАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>АТАЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VIII сессиясынын**

**№ 38 ТОКТОМУ**

28 03. 2025-жыл — Арал айылы

**Ак-Талаа участогундагы айыл өкмөтүнүн карамагында деп калып калган үлүш жерлерин үлүш ээлерине кайтарып берүү жөнүндө**

Атай айыл өкмөтүнүн башчысы А. К. Жаныбаевдин Атай айыл аймагынын Арал айылынын тургундарынын 26. 03. 2025-жылдагы чогулушунун №4 протоколунун негизинде Ак-Талаа участогундагы айыл өкмөтүнүн карамагында деп калып калган үлүш жерлерин ээлерине кайтарып берүү боюнча маалыматын угуп жана талкуулап Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Ак-Талаа участогундагы айыл өкмөтүнүн карамагында деп калып калган үлүш жерлер үлүш ээлерине кайтарылып берилсин.

2. Ак-Талаа участогундагы үлүш жерлерди тактоо, үлүш ээлерине кайтарып берүү жагы жер адис П.Наймановага жана айыл өкмөтунүн башчысы А. К. Жаныбаевке милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" мыйзамына ылайык Атай айыл өкмөтүнүн расмий маалымат сайтына жарыялансын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы "Айыл чарбасы, экология, жер жана өзгөчө кырдаалдар" туруктуу комиссиясына жана "Мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун, кызыкчылыгын коргоо, муниципалдык менчик, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча" туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Атай айылдык кеңешинин төрагасы** — **С. Өскөнбай уулу**